К. Акназаров атындагы орто мектеби

Предмет: **Информатика**

Тема: **Издөө системалары**

Мугалим: **Сатарова Г**

5-класс 03.03.2021

Предмет: Информатика

Сабактын темасы: Издөө системалары

Сабактын тиби: Үйрөнүү жана алгачкы билимди бекемдөө сабагы


Колдонулган методдор: Топ менен иштөө

Сабактын жабдылышы: Компьютер, доска, бор

| № | Максаты: | |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк | Издөө системалары жөнүндө маалымат алышат; |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк | Издөө системасын ача алышат;<br>Маалыматты издөөдө эффективдүү жолду колдоно алышат; |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк | окуучулар топто иштөө аркылуу бири-бирин уга билишет жана сыйлоого үйрөнүшөт. |

Сабактын жүрүшү:

| № | Сабактын этабы (убактысы) | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетенттүүлүк | | Баалоо (Калыптандыруучу баалоонун ыкмасы) Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Негизги (НК) | Предметтик (ПК) | |
| 1. | Уюштуруу<br>1.1 Саламдашуу<br>1.2 Жагымдуу маанай | Окуучулар менен учурашат, журнал толтурат, жоктойт<br>" | | НК-3 | ПК-1 | Сөз жүзүндө баалоо |
| 2 | Үй тапшырмасын текшерүү<br>Кайталоо | Үй тапшырмасын суроолор аркылуу текшерет<br>Мен киммин оюну?<br>1. Компьютер тармактарынын бүткүл дүйнөлүк системасымын. Менин жардамым менен алыскы аймактар менен байланышса болот. Мага кошулган компьютерлер өз ара маалыматтар менен алмаша алышат: фильмдер, музыка, документтер жана өзүңөр каалаган нерсени бир-бирине жибере аласыңар.(Интернет)<br>2. Мен китепмин, бирок жөнөкөй эмес, электрондук китепмин. Веб-барактардан турам. Гипершилтеменин жардамы менен башка бетке өтө алабыз. Ошондо мен киммин? (Сайт)<br>3. Менин жардамым менен веб-сайттар ачылат. Менин тереземде дарек сабы жайгашкан, ага биз баргыбыз | Окуучулар кунт коюп угушат жана эмне жөнүндө айтылып жатканын табышат | НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | ПК-1 | Калыптандыруучу суроолор |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | келген веб-барактын атын (дарегин) жазабыз. (Браузер)<br>4. – Мен- интернет тармагына туташкан ар бир түзүлүшкө берилүүчү номермин. Ушундай даректер аркылуу компьютерлер бири-бирин таба алышат. (IP Дарек) | | | | |
| | Сабактын темасын, максатын тааныштыруу | **Сабактын проблемасын түзүү**<br>Силер интернеттен маалымат издеп көрдүңөр беле?<br>**Мээге чабуул**<br>Бул бүтпөгөн сүйлөмдөрдүн жардамы менен оюңарды айтып көргүлө.<br>Издөө системалары бул....<br>Маалыматты издөө үчүн ..... деп ойлойм<br>Керектүү нерсени дайыма эле таба алдыңар беле? Ал үчүн канча убакыт короттуңар эле?<br>Силердин оюңар боюнча биз бул сабакта эмнени билишибиз керек? | | | | |
| | Жаңы теманы түшүндүрүү | Бардык издөө системаларынын башкы милдети – адамдар издеген маалыматтын өзүн берүү. Мындан сырткары, маалыматты издөө үчүн силер электрондук энциклопедияларды(эң чоң википедия), электрондук китепканаларды колдоно аласыңар.<br>Эң чоң эл аралык издөө системалары – бул «Google», «Bing», «Яндекс». Издөө системасында ачкыч сөздөрдү киргизүү үчүн талаа болот, ал аркылуу суралган документтер бар сайттарды табат.<br>http://www.okuma.kg/<br>**Издөө системасы** – бул маалыматты интернет тармагынан издөөчү компьютердик система. | Кунт коюп угат, Түшүнөт;<br><br>Дептерге жазып алышат;<br><br>Алма жана алмурут тууралуу маалыматты кантип издөө керектигин көрүшөт | НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | ПК-1 | Кол менен белги берүү |
| | Практикалык иш | Бурана мунарасынын бийиктиги канча?<br>Таш-Рабат кербен сарайы канчанчы кылымга таандык?<br>Манас күмбөзү Талас районунун кайсы өрөөнүндө жайгашкан?<br>Ысык-Көлдүн эң терең жери канча?<br>Кыргызстандагы эң бийик чоку кандай аталат? | Суроолорго жоопту интернеттен таап, жоопту жазышат; | НК-2<br>НК-3 | ПК-1 | Бири-бирин баалоо<br><br>Өзүн-өзү баалоо |
| | Бышыктоо | Кандай издөө системалары бар экен?<br>Маалыматты бат табуу үчүн эмне кылабыз?<br> | Сүрөттү жазып толтурушат | НК-2<br>НК-3 | ПК-1 | Сөз жүзүндө баалоо |
| | Баалоо | Окуучулар бааланат | Бааны күндөлүккө койдурушат | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Үй тапшырмасы | а) «Эне тилин билбеген, эси жогун аныктайт» деген толук үзүндүнү издөө үчүн суроо-талапты түзгүлө. Бул сөз айкашынын автору ким? Ал кайсы чыгармада кездешет?<br>б) Тиешелүү издөө суроо-талаптарынын жардамы менен бул суроого жооп алгыла: кайсы түзүлүш мурда жасалган – принтерби же микрофонбу? | Белгилеп алышат | | | |
| | Жыйынтыктоо Рефлексия | • Бүгүнкү сабак силер үчүн кызыктуу болдубу?<br>• Түшүнбөгөн сурооңор кайсыл болду?<br>• Эмнени жакшы түшүндүңөр? | Суроолорго жооп беришет | НК-2 | ПК-1 | |

К.Акназаров атындагы орто мектеби

# Тема: Орун тактооч

Мугалим:Ишенбаева Назгүл

2020 жыл

Кыргыз тили 7- класс

**Сабактын темасы:** Орун тактооч.

| **Сабактын максаты:**<br>1) Окуучулар тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү жана орун тактооч жөнүндө маалымат алышат, алар боюнча билишет. Мисалдарды келтиришет. Алган билимдерин турмушта пайдаланышат. Теманын үстүнөн көнүгүүлөрдү туура жазышат.<br><br>2) Тема аркылуу сүйлөө кеби, кол жазма сулуулугу өсөт. Элестетүүсү, эске сактоосу, кабыл алуусу, чыгармачылыгы калыптанат.<br><br>3) Ынтымактуулукка, бирин- бири сыйлоого, кыргыз тилин сыйлоого, патриоттуулукка, тазалыкка, сулуу жазууга тарбияланышат. | **Көрсөткүчтөр**: ***Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:***<br>1) Окуучулар тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү жана орун тактооч жөнүндө маалымат алышса, алар боюнча билишсе. Мисалдарды келтиришсе. Алган билимдерин турмушта пайдаланышса. Теманын үстүнөн көнүгүүлөрдү туура жазышса.<br>2) Тема аркылуу сүйлөө кеби, кол жазма сулуулугу өссө. Элестетүүсү, эске сактоосу, кабыл алуусу, чыгармачылыгы калыптанса.<br>3) Ынтымактуулукка, бирин- бири сыйлоого, кыргыз тилин сыйлоого, патриоттуулукка, тазалыкка, сулуу жазууга тарбияланышса. |
|---|---|
| **Сабактын жабдылышы:** (Ресурстар)Темага карата көрсөтмөлөр, карточкалар, таркатмалар, сүрөттөр ж.б. | |
| **Сабактын ыкмасы:** Интерактивдүү ыкма. | |
| **Сабактын тиби:** Жаңы билим. | |
| ***Сабактын жүрүшү:***<br>*1) Уюштуруу. Саламдашуу: КРнын мамлекеттик тил гимнин ырдоо. Класстын, окуучулардын гигиеналык абалын, окуу куралдарын көзөмөлдөө. Журнал боюнча жоктоо.*<br>*2) Өтүлгөн теманы кайталоо.*<br>*3) Жаңы тема.* | |
| **Мугалимдин иш аракети** | **Окуучунун иш аракети** |
| *Сабактын темасын, максатын айтат жана түшүндүрөт.* | *Окуучулар сабактын темасын, максатын угат жана түшүнүөт.* |
| ***Өтүлгөн маалыматтарды кайталоо(3мин.)*** | |
| Мугалим окуучулардан өтүлгөн тема боюнча түзүлгөн карточкаларды таратат. | Окуучулар карточкаларга жупта талкуулап, мугалимдин руксаты менен жооп беришет. |

***Жаңы теманы түшүндүрүү(5-7мин)***

| | |
|---|---|
| Мугалим окуучулардын билимин текшерип алуу максатында тема жөнүндө сурап алат. Суроолорду берет.<br>Тема боюнча маалымат берет.<br>*Мугалимдин сөзү: Кыймыл- аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтүп, кайда? каякта? Кайсы жакта? Кайсы жакка? Кайсы жактан? деген суроолорго жооп берген тактоочтор орун тактооч деп аталат.*<br>Теманы мисалдар жана сүйлөмдөр, таблицалар аркылуу түшүндүрөт.<br>Көнүгүүлөрдү жаздырат. | Окуучулар тема боюнча билгендерин эркин айтып бере алышат.<br>Суроолорго оозеки жооп беришет.<br>Мугалим тема боюнча сүйлөп жатканда кунт коюп угушат.<br>Көнүгүүлөрдү туура жазышат.<br>75- көн. Орун тактоочторду таап, аларга сүйлөм түзүшөт.<br><br> |

**Тыныгуу:**

| | |
|---|---|
| *Мугалим окуучуларга эс алдыруу максатында көнүгүү жасатат. Көнүгүүнү ыңгайына карап, тандап алса болот.* | *Окуучулар көнүгүү жасоо менен маанайлары көтөрүлөт. жагымдуу маанай менен сабактарын улантышат* |

***Топто иштөө:***

| | |
|---|---|
| Мугалим окуучуларды оюн аркылуу топторго бөлүп алат да, алтын эреже менен тааныштырат.<br>Көнүгүүлөрдүн үстүнөн иштетет.<br>Презентациясын угат.<br>Суроолорун берет. Сунуштарын айтат.<br>Толуктоолорду киргизет. Топторду колдоп, кубаттайт. | Окуучулар топторго бөлүнүшөт.<br>1- Топ: 76- көн. Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, орун тактоочторду табышат. Алар кандай суроолорго жооп берерин айтып беришет.<br>2- Топ: 77- көн. Сүйлөм түзүшөт.<br>3- Топ: 78-көн. Окуп чыгып, орун тактоочторду табышат.<br>Презентациялашат. |

***Сабакты жыйынтыктоо:***

| | |
|---|---|
| Мугалим окуучуларды доскага чыгарып иштетет. | 79- көнүгүү. |

**Үйгө тапшырма берүү** (1мин) . Орун тактоочторду катыштырып, сүйлөм түзүү.

**Баалоо** (3мин)

**Текшерилди ОТИ боюнча завуч**______

К.Акназаров атындагы орто мектеби

# Тарых
# 8-класс

# Тема: Тема:Кытай XVIIк.аягы-XXк. башында.

Мугалим: Токторбаева Мунара Токтосуновна

**Предмет:**Тарых
**Тема:Кытай XVIIк.аягы-XXк. башында.**
**Класс:8**
**Күнү: 4/12/2020-ж**
**Сабактын тиби:** Аралаш
**Сабактын формасы:** Аралаш
**Сабактын жабдылышы:**Окуу китеби,сүрөтткр,техникалык каражаттар.

**Текшерилди:** ______ОББ
**Ж.Алдашова**

| **Сабактын максаты** | | **Күтүүлүчү натыйжа** |
|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк**: Цин династиясынын негизделиши,чет элдикбийликке каршы күрөш , элдик үч принцип,Кытай конституциясы жана алардын мааниси жөнүндө окуп түшүнүшөт | | Цин династиясынын негизделиши,чет элдикбийликке каршы күрөш , элдик үч принцип,Кытай конституциясы жана алардын мааниси жөнүндө окуп түшүнүшсө. |
| **Өнүктүрүүчүлүк:**Теманы окуп, берилген тапшырманын үстүндө иштеп,суроолорго жооп берип,өз билимдерин өнүктүрүшөт, билгендерин айтып берип билимдерин бышыкташат. | | Теманы окуп, берилген тапшырманын үстүндө иштешсе,берилген суроолорго жооп берип,өз билимдерин өнүктүрүшсө, билгендерин айтып берип билимдерин бышыкташса. |
| **Тарбия берүүчү:**.Япониянын өнүгүү себептерин талдап билүү аркылуу өз өлкөсүнүн өнүгүшүнө жардам берүүнүн жолдорун көрө билүүгө багыт алышат. | | Япониянын өнүгүү себептерин талдап билүү аркылуу өз өлкөсүнүн өнүгүшүнө жардам берүүнүн жолдорун көрө билүүгө багыт алышса. |
| **Негизги компетенттүүлүк:** | **Маалыматтык:**-Өз алдынча жана максаттуу түрдө тарыхый материалдарды тандап,аны менен иштешет.<br>-Фактыларды,окуяларды,тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүн салыштырып анализдейт. | |
| | **Социалдык-коммуникативдүү:**Дүйнөлүк цивилизациялардын өнүгүүсүнө таасир эткен факторлорду түшүнүшөт жана түшүндүрө алат,ошону менен бирге кандайдыр бир маселелерди чечүүдө башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын колдоно алат. | |
| | **Өзүн-өзү өркүндөтүү жана проблемаларды чечүү:**Тарыхый-маданий баалуулуктарга инсандык мамилесин билдирет, тарыхый окуяларга жана инсандардын ишмердүүлүгүнө аргументтүү мүнөздөмө берет. | |
| **Предметтик компетенттүүлүк:** | **Хронологиялык-картографиялык:**Негизги даталарды атап,анык бир тарыхый окуя менен даталарды дал келтирет,окуяларды хронологиялык ирээтүүлүктө жайгаштырат,анык бир мезгилдеги окуяларды атай алат. | |
| | **Тарыхый-цивилизациялык:**Дүйнөлүк цивилизациялардын турмуш-тиричилигине таасир эткен факторлорду,адамдардын руханий жана чарбалык ишмердүүлүгүнүн эволюциясын түшүнөт жана түшүндүрө алат.<br>Тарыхый окуяларды сүрөттөйт,алардын өз ара себеп-натыйжалык байланыштарын аныктап,тарыхый окуялардын жана карама-каршылыктарыналып чыгып,тарыхый окуя,кырдаал,кубулуштарды салыштырып,анализдейт. | |
| | **Этномаданий:**Адамзаттын тарыхындагы жана өз элинин тарыхындагы материалдык жана руханий жетишкендиктерин сыйлоо менен башка элдердин маданий мурастарына толеранттуулук менен мамиле жасайт. | |
| | **Социалдык-жарандык:**Өз доорунда из калтырган тарыхый инсандардынысымдарын атап,алардынишмердүүлүгүнө мүнөздөмө берет,тарыхый инсандарды алар жашап өткөн тарыхый мезгил менен дал келтире алат. | |

| ...бактын жүрүшү: Өтүлгөн теманы кайталоо: 3)Жаңы тема | Уюштуруу: Саламдашып,жагымдуу маанай түзүү.<br><br>**Сабактын максаты:**<br>• Цин империясынын негизделиши<br>• Чет элдик бийликке каршы күрөш<br>• Элдик үч принцип<br>• Кытай конституциясынын кабыл алынышы жана алардын мааниси<br>***Кытай.*** Бүгүнкү күндө Кытай Эл Республикасы — Борбордук жана Чыгыш Азиядагы мамлекет.Түндүк-чыгышынан Орусия, түндүгүнөн Моңголия, түндүк-батышынан Орусия,Казакста жана Кыргызстан, батышынан Тажикстан, Ооганстан, ошондой эле Пакистан, түштүк-батышынан жана түштүгүнөн Индия, Непал жана Бутан, түштүк-чыгышынан Мьянма, Лаос, Вьетнам менен чектешет<br>**Алгач жаңы түшүнүктөр менен таанышабыз:** Манчжурлар,Апийим согуш,Тайпиндер<br>**Манчужурлар**:Кытайды бийлеген манчжур элинин сулалеси (династиясы).Кытайдын түндүк-чыгышындагы жана Орусиянын Ыраакы Чыгышындагы Амур дарыясынын аймагына жакын байырлаган көчмөн манчжур элинин хандары Түндүк Кытайды басып алып, өздөрүнүн жеке бийлигин (монорхиялык династиясын) орнотушкан. Андан соң Кытайдын башка аймактарын да каратып, батышта Чыгыш Түркстанга чейинки кеңири аймакты басып киришкен.Бул сулале Жуңгар хандыгын биротоло ойрон кылган. Цин сулалеси Кытайдагы акыркы монорхиялык мамлекет болгон.<br>**Манчжурдук Цинь династиясы:**1628-жылы өлкөдө Ли Цзычэн башында турган дыйкандардын көтөрүлүшү башталып, Пекинди ээлеп алышкан.Ошондо Кытай ак сөөктөрү түндүктөгү манчжур урууларынан жардам сурашкан.1644-ж. манчжурлар дыйкандардын армиясын талкалоо менен Кытайда өздөрүнүн бийлигин орнотуп, Цинь династиясын негиздешкен.<br>**Калктын сословиеге бөлүнүшү**:Манчжурлар,Окумуштуулар (шэньши), Жер ээлөөчүлөр –фоедал менен дыйкандар,Кол өнөрчүлөр менен соодагерлер,(Жакырлар менен кулдар эч кайсы сословиеге кирген эмес.)<br>**Обочолонуу саясаты:**1757-жылы чет өлкөлөрдөн обочолонуу саясаты жөнүндө жарлык чыккан. Ага ылайык бүткүл тышкы соодага Цин бийлиги көзөмөлдүк кылып, чет өлкөлөр менен соода үчүн Кантон порт-шаары гана ачылган<br>**Апийим согушу:**Англичандар мыйзамсыз түрдө Индиядан апийим алып келишкен.Тыюу салууларга карабай апийим алып келүү токтогон эмес.Бул куралдуу кагылышууларга өсүп жеткен. 1840-42-жж.,1856-60-жж. Апийим согушу болуп өтүп,Кытай жеңилген жана жарым колонияга айланган<br>**Биринчи апийим согушу:**Англия-Кытай согушу-биринчи «апийим» согушу (1840-42-жж.)Англиянын Кытайды өзүнө көз каранды кылып алуу үчүн жүргүзгөн согушу. Бул Кытайдын коопсуздугуна,экономикасына чоң коркунучту пайда кылган.Ага каршы 1839-ж. Кытайдын өкмөт комиссары Линь Цзе Сюй англичандардын Гуанжоудогу кампаларындагы 20 миң ящик апийимин | **Пайдаланылган усул**<br><br>Түшүндүрүү<br><br>**Түшүндүрүү**<br>**Суроо-жооп** | **Баалоо техникалары**<br><br>Сөз жүзүндө баалоо<br><br>**Сөз жүзүндө баалоо** |
|---|---|---|---|

камакка алган. 1840-ж. Улуу Британиянын тышкы иштер министри Пальмерстон 16 аскер кемесинен турган эскадраны Гуанчжоуну курчоого алууга жөнөтүп, англичандар Кытайдын Шанхай, Динхай, Нинбо жана башка шаарларын басып алган. «Биринчи апийим согушунда» кытайлыктар жеңилүүгө учурап,1842-ж. тең укуксуз Нанкин келишимине кол коюуга аргасыз болгон. Келишим боюнча Кытайдын Сямынь(Амой),Гуанчжоу,(Кантон),Фучжоу (Фучоу),Нинбо (Нинпо) жана Шанхай чет өлкөлөргө соода жүргүзүү үчүн ачык деп жарыяланып,Сянган (Ганконг) Улуу Британияга берилген.

***Экинчи апийим согушу***:Англия-Франция-Кытай согушу-экинчи «апийим» согушу (1856-60-жж.)Англия менен Франциянын Кытайды көз каранды мамлекетке айландыруу максатын көздөгөн агрессиячыл согуш. Цинь династиясына каршы чыккан тайпиндердин көтөрүлүшүнөн пайдаланып, Англия 1856-жылы октябрда Гуанчжоу шаарын басып алат.1857-ж. ага Франция кошулат.1858-ж. майда англиялык жана Французлук аскерлер Дагу портун каратып,Тянь-цзинь менен Пекинге коркунуч туудурат.Кытай өкмөтү Тянь-цзинде Англия-Кытай жана Франция-Кытай 1858-ж. тең укуксуз келишимдерине кол коюуга мажбур болгон. Келишимдер өлкөнүн аймагында чет өлкөлүктөргө эркин соода жана миссионердик ишмердүүлүктү жүргүзүү укугун берүүгө Кытайды милдеттендирген. Бирок,император аларды ратификациялоодон баш тарткан. Ага жооп кылып англичандар менен француздар 1860-ж. августта Тянь-цзинди, октябрда Пекинди басып алат. Кытай өкмөтү Пекинде Англия-Кытай жана Франция-Кытай келишимдерине аргасыз кол коёт. Келишимдер мурдагы Тянь-цзинь келишимдеринин шарттарын бекемдеген.

**Жарым колония:**Формалдуу түрдө өз алдынча, экономикалык жана саясий жактан капиталисттик державаларга көз карандылык.

**Дыйкандар согушу жана тайпиндер мамлекети:«Тайпин тяньго»**-1850-1860-жылдары мектеп окутуучусу Хун Сюцюань башында турган дыйкандардын кубаттуу көтөрүлүшү болуп өткөн.Сюцюань тең укуктуу «Улуу жыргалчылыктын асман мелжиген мамлекетин»-- «Тайпин тяньгону» түзүүнү каалаган.Бул көтөрүлүшкө катышкандарды тайпиндер деп аташат.Нанкинде Тайпиндер мамлекети түзүлүп Хун Сюцюань император деп жарыяланган

**Демократиялык кыймылдын пайда болушу:**«Элдик үч принцип».Боштондук үчүн улуттук кыймылдын лидери Сунь Ятсен 1905-ж. «Бириккен союз» коомун түзгөн. Анын программасында «элдик үч принцип» улутчулдук, демократия жана элдин жыргалчылыгы жарыяланган. 1911-ж.октябрда Учанда циндерге каршы көтөрүлүш чыккан.29-декабрда көтөрүлүшкө чыккан повинциялардын делегаттары Нанкинде чогулушуп,Кытай республикасы жарыяланган.Сун Ятсен президент болгон.Жарым жылдан кийин Юань Щикай президент болгон жана анын жетекчилиги астында Кытай конституциясы кабыл алынган.

**Сунь *Ятсен*** 1911-жылдын 29-декабрындагы Нанкин жыйынынын чечимине ылайык,Кытай жумуриятынын убактылуу президенти болуп шайланган.1912-жылдын 14-февралында Сунь Ятсен бул кызматынан ыктыярдуу баш тарткан.15-февралда Юань Шикай мырза Нанкин жыйыны тарабынан Кытайдын убактылуу президенти болуп шайланган.1913-жылдын

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4)**Жыйынтыктоо**<br><br>**5)Үйгө тапшырма** | сентябрьынан тартып Юань Шикай Кытайдын туруктуу президенти болуп калган<br>**Юань Шикай**1916-жылы жайында каза болгонго чейин Юань Шикай императордук бийликти калыбына келтирүү далалатын жасаган. Ал 1914-жылдын 12-декабрында өзүн император деп жарыялаган.Бирк куралдуу күчтөр жумурияттык макамды чечкиндүү жактап,Юань Шикайга каршы турган.1916-жылдын 22-мартында ал жеке бийликти кайра жокко чыгарып,өзүнүн бийлигин президенттик бийлик деп жарыялаган.<br>**XIXк. аягы XXк башындагы Кытай маданияты:**«Жаңы багыт»--дүйнөлүк жетишкендиктерди Кытай коомуна жайылтуу,табыгый жана так илимдерди,чет тилдерди окууну пропагандалаган маданияттагы багыт.«Адабий революция» -- «жаңы маданият үчүн кыймыл» багытындагы тармак.Мында батыштын идеологиялык жана этикалык концепцияларын, адабият жана искусствону окуп үйрөнүү максатында коюлган.Бул багыт адабий чыгармаларды прогрессивдүү өзгөртүүнү алып келген.<br>**Балдар силер бүгүнкү сабакта:**<br>• **Цин империясынын негизделиши,**<br>• **Чет элдик бийликке каршы күрөш,**<br>• **Элдик үч принцип,**<br>• **Кытай конституциясынын кабыл алынышы жөнүндө билдиңер деп ойлойм.**<br>**§27 Кытай XVIIк. аягы XX к. башында**<br>• **Суроолорго жооп бергиле.**<br>• **Сунь Ятсен жөнүндө эссе жазгыла.** | **Суроо-жооп** | **Сөз жүзүндө баалоо.** |